
Кененбаева
Бейшебүбү
АТЫНДАГЫ ДАЯРДОО КАБИНЕТИ

# ЭМГЕК ЖОЛУ



**Кененбаева Бейшебүбү Бапаковна**

1957-жылы 11-июлда Нарын районунун Казан-Куйган айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган, он бир туугандын алтынчысы. 1964-жылы оттук отрто мектебине 1-класска кирип, аталган мектепти 1974-жылы ийгиликтүү аяктайт.

1978-жылы Нарын шаарындагы Педагогикалык окуу жайынын «Педагогикалык факультетине» тапшырып, 1981-жылы бүтүргөн. Педагогикалык эмгек жолун Нарын районундагы Жданов айылына караштуу Орто-Нура орто мектебинде башталгыч класстын мугалими болуп баштайт.

1985-жылы Маяковский атындагы кыз-келиндер институтунун педагогикалык факультетине тапшырып, сырттан окуу бөлүмүн 1990-жылы аяктайт. 1985-жылы Балыкчы шаарындагы Кычан Жакыпов атындагы орто мектебинде башталгыч класстын мугалими болуп иштейт. Бул мезгилде да Кененбаева Бейшебүбү өзүнүн педагогикалык жөндөмдүүлүгүн көрсөтүп, мектептеги маданият иш-чараларга катышып, бир катар ийгиликтерди жарата алды. 1998-жылы Нарын районуна караштуу Миң-Булак айылындагы Жакып Өмүралиев атындагы башталгыч класстар боюнча аралаш мектеп ачылып, жети чакырым жерден келип жаш балдарга билим берип, талыкпай эмгек жолун улантат. Мектеп менен гана чектелбестен, айылдагы элдин ден-соолугун чыңдоодо «Айылдык ден-соолук комитетинин төр айымы» болуп, социалдык абалы начар үй-бүлөлөргө бекер дарылоонун шарттарын түзүп берди. Өзүнүн кесибин сүйгөн педагог катары — жаш муундарды окутуп тарбиялоодо бир эле ыкманы колдонбостон, сабактын жаңы формасын түзүп, дайыма изденүү менен сабак өтүүнүн элементин жаңылантып турат. Бейшебүбүнүн көрсөтмө куралдары оригиналдуу жана анда улуттук педагогиканы пайдаланууга зор көңүл бурду. Кыргыздын улуттук каада-салтын, үрп-адат, улуттук оюундарды пайдаланат. Окуу кабинетин заманбап үлгүдө окуучунун билим алуусуна ыңгайлыкталып жасалгаланды. Жаш мугалимдерге насаатчы катары өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүн, методикасын тең бөлүшүп, үйрөтүп келет. Коллектив арасында кадыр баркка ээ. Кененбаева Бейшебүбү агартуу системасында келечектин жаш муундарын тарбиялоодо жараткан эмгектери бааланып, НРББнын «Ардак грамотасы», КРнын Билим жана маданият министрлигинин «Ардак грамотасы», 2006-жылы «КРнын Билим берүү отличниги» төш белгиси, 2015-жылы Нарын облусунун «Ардактуу айымы» медалы менен сыйланып келди. Азыркы учурда пенсия курагына карабай Ж.Өмүралиев атындагы негизги мектебинде «480 саат Нарист» программасын даярдоо классына өтүү менен өз сүйгөн кесибин улантып келүүдө. Үй-бүлөөдө 5 уул, 3 кыздын ардактуу апасы.



1998-ж



2000-ж



2002-ж



2008-ж



1998-ж



2000-ж



2014-ж



2004-ж



2012-ж


АППЛИКАЦИЯ


КАЛЕНДАРЬ
1 2 3 4 5 6 7 8